УДК 37.017.92

**Муратова Айнура Муратовна**
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент

**Муратова Айнура Муратовна**
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
Кандидат педагогических наук, доцент

**Muratova Ainura Muratovna**
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Candidate of Pedagogical Sciences, Associate Professor

# «МАНАС» ЭПОСУН МУЗЫКА САБАГЫНДА ОКУТУУНУН АСПЕКТИЛЕРИ

# АСПЕКТЫ ОБУЧЕНИЯ ЭПОСА «МАНАС» НА УРОКЕ МУЗЫКИ

# ASPECTS OF LEARNING THE EPIC “MANAS” IN A MUSIC LESSON

***Аннотациясы:*** *Илимий макалада «Манас» эпосунун руханий-эстетикалык, тарыхый, чыгармачылык, технологиялык аспектилери жалпы билим берүүчү мектептин музыка предметинин негизинде каралып, ар биринин окутуу процессиндеги ролу программада берилген «Манас» жана «Айчүрөк» операларынын негизинде талданат. Макаланын* ***актуалдуулугу*** *музыка искусствосунун көркөм каражаттары, обон, ыр жана музыкалык интонациялар аркылуу “Манас” эпосун, б.а. элдик сөз өнөрүн окуучуларга таанытып, билим жана тарбия берүү, алардын угуу, ырдоо, сезим жана образ түзүү жөндөмдөрүн өнүктүрүүдө. Ошондон улам, илимий макаланын максаты “Музыка” предметинин программасында “Манас” эпосуна арналган темаларды, аспектилерди аныктап, эпостун баалуулугун музыка искусствосунун өкүлдөрүнүн чыгармачылыгы, музыкалык көркөм каражаттар аркылуу теориялык жана практикалык негизде ачып берүү. Илимий макаланын талдоо ыкмалары “Музыка” предметинин программасында “Манас” эпосуна арналган темаларды теориялык талдоо, “Манас” эпосун окутунун аспектилерин аныктоо жана программалык материалдарды практикалык негизде ачып берүү. Макаланын жыйынтыктарын жалпы билим берүүчү мектептерде, болочок музыка мугалимдерин даярдаган орто жана жогорку окуу жайларда, “Манас” эпосун изилдеген илимий эмгектерде колдонсо болот.*

***Негизги сөздөр:*** *«Манас” эпосу, музыка сабагы, руханий тарбия, улуттук маданият, эстетикалык өнүгүү, музыка сабагы, интеграция, мугалимдин ролу.*

***Аннотация:*** *В научной статье рассматриваются духовно-эстетические, исторические, творческие и технологические аспекты эпоса «Манас» в рамках предмета*

*«Музыка» в общеобразовательной школе. Роль каждого аспекта в учебном процессе анализируется на примере опер «Манас» и «Айчурек», включенных в программу. Актуальность статьи заключается в использовании художественных средств музыкального искусства (мелодия, песня, музыкальные интонации) для ознакомления учащихся с эпосом «Манас» как народным словесным искусством, развития их навыков слушания, пения, эмоционального восприятия и создания художественных образов. Цель статьи — выявить темы и аспекты в программе предмета «Музыка», посвященные эпосу «Манас», и раскрыть его ценность через творчество композиторов и музыкально-художественные средства на теоретической и практической основе.*

***Ключевые слова:*** *эпос «Манас», урок музыки, духовное воспитание, национальная культура, эстетическое развитие, интеграция, роль учителя.*

***Abstract:*** *The scientific article examines the spiritual-aesthetic, historical, creative, and technological aspects of the "Manas" epic within the framework of the "Music" subject in general education schools. The role of each aspect in the educational process is analyzed based on the operas "Manas" and "Aichurok" included in the curriculum. The relevance of the article lies in introducing students to the "Manas" epic (folk verbal art) through the artistic means of musical art—melody, song, and musical intonations—and in developing their listening, singing, emotional perception, and image-creation skills. The purpose of the article is to identify themes and aspects dedicated to the "Manas" epic in the "Music" curriculum and to reveal the value of the epic through the creativity of musical art representatives and artistic means on a theoretical and practical basis.*

***Keywords:*** *"Manas" epic, music lesson, spiritual education, national culture, aesthetic development, integration, teacher's role.*

---

***Киришүү.*** «Манас» эпосу – улуттук маданияттын туу чокусу, элдик философиянын жана көркөм чыгармачылыктын эң жогорку формасы. Эпос элдин сөз өнөрүн гана эмес, анын музыкалык дүйнө таанымын, ырдоо салтын жана үн маданиятын да камтыйт. Музыка сабагында «Манас» эпосун окутуу окуучуларды улуттук музыкалык өнөр менен тааныштырып, алардын эстетикалык табитин жана руханий дүйнөсүн калыптандырууда зор мааниге ээ [1].

Мына ушул улуттук маданияттын, руханий дүйнөнүн жана эстетикалык тарбиянын булагы «Манас» эпосу жалпы билим берүүчү мектептин «Музыка» сабагын окутууда кандай багыттарда окутуу, тааныштыруу процесстери уюштурулган? – деген *проблемалык суроо* жаралат. Музыка искусствосунун көркөм каражаттары аркылуу эпостун – элдик сөз өнөрү менен катар обон, ыр жана музыкалык интонациялар аркылуу таанытуу да *актуалдуу маселелердин* бири, себеби, билим берүү системасында «Манас» эпосун окутуу – бул жөн гана адабий чыгарма менен тааныштыруу эмес, улуттук аң-сезимди, патриоттук духту жана чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрдү калыптандыруу процессинин маанилүү бөлүгү. Өзгөчө музыка сабагында эпостун материалдарын колдонуу – окуучулардын угуу, ырдоо, сезим жана образ түзүү жөндөмдөрүн өнүктүрөт.

*Изилдөөнүн максаты* “Музыка” предметинин программасында “Манас” эпосуна арналган темаларды, аспектилерин аныктап, эпостун баалуулугун музыка искусствосунун өкүлдөрүнүн чыгармачылыгы, музыкалык көркөм каражаттар аркылуу теориялык жана практикалык негизде ачып берүү.

Илимий макаланын *милдети:*

*1.* “Музыка” предметинин программасында “Манас” эпосуна арналган темаларды аныктоо.

*2.* “Манас” эпосун окутунун аспектилерин аныктоо.

*3.* “Манас” эпосунун баалуулугун музыка искусствосунун өкүлдөрүнүн чыгармачылыгы, музыкалык көркөм каражаттар аркылуу теориялык жана практикалык негизде ачып берүү.

***Негизги бөлүк.*** «Манас» – окуучулардын дүйнө таанымын байытуучу энциклопедиялык чыгарма, аны мектеп программасында окутуу окуучулардын

«Кол канжыга башына,
Пил терисин каптатып,
Бирден ***доол*** байлатып.
Чымын тийсе чыңк эткен,
Билезиги сары алтын.
Билериги баары алтын,
Чыбык тийсе кадимки, Кулак тунуп зыңк эткен. («Манастан»)
«Жезден кылып
«Кош ооздуу куйдурган, ***кернейде***
Пил терисин чойдурган.
Кол ичине үчтү Узундугу үч кулач, алып.
Үнүн уксаң оолак кач.
Алтын ооз
Жоондугу үч кучак, кернейди,
***Добулбасын*** карап бак.
Арылдата
Казандай күрсү алганы,
тарттырып.
Кагаарда чабат
Алтымыш төрт балбаны…» ***сурнайчы***».
*(«Манастан») [13] ( «Манастан»).*

руханий жан дүйнөсүн байытып, улуттук аң-сезимин бекемеп, адабий тил жана музыка маданиятын өнүктүрүп, эстетикалык табиттерин калыптандырып, мекенчил сезимдерин ойготуу максаттарына багытталат [3].

Жалпы билим берүүчү мектепте “Музыка” предметинин программасында “Манас” эпосун төмөндөгү *тематикалар камтыган*:

*3-класста* “Музыка жомокто”. “Жамак айтуу музыкада”. Максаты – бийик музыкалуу поэтизацияланган көркөм образдар аркылуу окуучуларды адеп-ахлакка, ыйманга, адамгерчиликке тарбиялоо [6; 11].

*5 класста* «Дастан музыкада», улуу дастандар – «Манас», «Семетей», «Сейтек» – темалардын алында улантылат [11;11].

*6-класса* композитордук музыка деген жалпы теманын алдында «Манас», «Айчүрөк» опералары кыргыз музыка искусствосунун белгилүү өкүлдөрү С. Кийизбаева, Б. Миңжылкиев, Т. Сейталиев, А. Мырзабаев, К. Сартбаева жана Т. Жакшылыковдордун чыгармачылыктары аркылуу ачып берилген [9; 13].

Музыка сабагында «Манас» эпосун окутуунун **аспектилерин** бир нече багытта карасак болот. Алар:

*Руханий-эстетикалык аспект* – музыка сабагында «Манас» эпосун окутуу эң биринчи руханий тарбия берүү максатын көздөйт. Манасчынын үнүнүн обону, тембри жана интонациясы окуучулардын сезимдик кабылдоосун жана эстетикалык табитин өнүктүрөт. Бул аспект окуучунун ички дүйнөсүн байытып, улуттук сыймыкты ойготот жана көркөм сезимди калыптандырат.

*Тарыхый-этномаданий аспект* – «Манас» эпосу кыргыз элинин тарыхый окуяларын, каада-салтын чагылдырат. Музыка сабагында бул маалыматтарды музыкалык мисалдар менен айкалыштырып берүү тарыхый аң-сезимди жана улуттук иденттүүлүктү калыптандырат. Манасчы өнөрүнүн тарыхын, обондук стилдерин, элдик аспаптардын үнүн үйрөтүү. 5-класстын 1- жана 2- чейрегинде кыргыз элинин улуттук музыкалык аспаптары менен тааныштырууда эпостон тексттик үзүндүлөр берилген.

*Музыка-чыгармачылык аспект – «Манас»* эпосу музыкалык импровизациянын бай булагы. Манасчы өз чыгармасын ыр, ритм жана үн интонациясы, динамика, темп аркылуу берген «жалгыз актёрдун театры». Музыка сабагында бул элементтерди колдонуу окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрөт. Импровизация, сахналаштыруу, элдик аспаптардын коштоосунда аткаруу жана көркөм-музыкалык композициялар сабакты жандандырат.

*Интеграциялык аспект* – музыка сабагында «Манас» эпосун окутуу ар тирдүү предметтер менен айкалышып ишке ашат. Адабият, тарых, сүрөт жана дене тарбия сабактары менен интеграциялык байланышты колдонуу эпосту жандуу кабылдоого өбөлгө түзөт. Адабият сабагында эпосту адабий өңүттө ачып берсек, сүрөт искусствосу аркылуу түстүк кабыл алууга багыттайбыз.

*Технологиялык жана инновациялык аспект* – заманбап билим берүүдө санарип технологиялар «Манас» эпосун жеткиликтүү формада үйрөтүүгө чоң мүмкүнчүлүк берет. Видеоматериалдар, аудиоэпостор, интерактивдүү презентациялар жана онлайн долбоорлор сабакты кызыктуу жана түшүнүктүү кылат.

Белгиленген аспектилер менен окутуу «Манас» эпосун ар тараптан ачып берүүгө жол ачат.

***Практикалык бөлүктүн максаты*** “Манас” эпосунун баалуулугун музыка искусствосунун өкүлдөрүнүн чыгармачылыгы, музыканын көркөм каражаттары аркылуу окутуу процессин талдоо, «Манас» айтуучулар, музыка менен адабияттын байланышы жөнүндө кыскача маалыматтарды ачып берүү; окуучулардын «Манас» айтуу жөндөмдүүлүктөрүн ачуу, калыптандыруу.

*3-класс:* окуучулар «Манас» эпосун айтуунун коштоосунда класска киришет. М.: Балдар силер азыр класска кандай музыка угуп кирдиңер?

Б.: «Манас», «Манас» …

М.: Ооба, балдар, «Манас» уктуңар! Силер «Манас» айтканды билесиңерби? Ооба, жок, мен билем, мен билбейм, ар түрдүү жоопторду беришет. Билген балдарды «Манас» айттырып, угуу.

М.: Биз бүгүнкү сабакта мына ушул улуу дастандар, башкача айтканда «Манас», «Семетей», «Сейтек» дастандары жана буларды аткарган улуу дастанчылар менен таанышабыз.

*Мугалимдин маалыматы*: “Манас” – кыргыз элинин улуу баатырдык эпосу жана дүйнө жүзүндөгү эң чоң поэма. Эпосто элдик арман, кошок, угузуу, жар чакыруу, керээз, санат-насыят, макал-лакап жана башка жанрлар бар.

«Манас» эпосунун негизги идеясы – чабылып-чачылган уруулардын башын кошуп, элди четки жоодон коргоо, көз каранды эместигин сактоо. «Семетей» эпосунда Ата Мекенге болгон сүйүү, мекенчилдик жагынан күчтүү. Акыркы бөлүк «Сейтек» эпосу, башкы каарман Сейтек – баскынчылардан өз элин коргогон жана адилеттүүлүк үчүн күрөшкөн тайманбас баатыр катары берилет.

М.: Балдар силер билесиңерби, «Манасты» кимдер айтат? Кандай манасчыларды билесиңер? (окуучулар жооп беришет. Мугалим окуучулардын оюн угуп, талдап, андан ары толуктайт же толук маалымат берет).

*Мугалимдин маалыматы*: Улуу дастандарды жомокчулар, дастанчылар, айтуучулар улап, байытып, сактап келишкен. Кыргыз элинде улуу дастанчылар Чоюке Өмүр уулу, М. Мусулманкулов, С. Каралаев, С. Орозбаков, Жусуп Мамай, У. Мамбеталиев, С. Молдо кызы, Н. Сейдеракманов, Т. Бакчиев, Р. Исаков ж.б. «Манас» айтуучу бир эле учурда өзүн обончу, аткаруучу, айтуучу, артист катары көрсөтөт.

Ушундан улам манасчы “жалгыз актёрдун театры”– деп аталган [6].

Уктуруу: С. Орозбаковдун вариантында «Манас» эпосунан үзүндү уктуруу;

Үйрөтүү: «Манас» эпосунан үзүндү




Үйгө тапшырма:

1. С. Каралаев, С. Орозбаковдун чыгармачылык жолун окуу (*окуу китебинде берилген*);
2. «Манас» эпосунан үзүндүнү угуу, сөзүн жаттоо.
3. Китептеги «Көңүл бур!» деген бөлүккө көңүл коюп окуп, эстеп кал!

*5-класстын* программасында «Манас» эпосу мазмундук жактан тереңдетилип окутулуп, манасчылар боюнча негизги учурлар берилген, мисалы, С. Каралаев уулдарына эпостогу баатырлар Чубак менен Сыргактын ысымын ыйгарган, бул жашоодо мандай ысымдарды алып жүргөндөр “Манас” эпосунан алынганынан окуучуларга кабар берет. Андан ары С. Каралаев боюнча негизги маалыматтар берилген: С. Каралаев бүркүттөрүнө “Көйрөң

кара", "Боз жигит", "Күлдү бадам" деген аттарды коюп, аларга өзгөчө мамиле кылган. "Кара чолок" деген бүркүтү менен кинофильмге тартылган. Скульптор Т. Садыков манасчынын элесин маңдайына отургузуп алып түшүргөн. Бул иш филармониянын алдында орун алган. Режиссер Б. Шамшиев С. Каралаевге арнап "Манасчы" даректүү, режиссёр М. Убукеев үч бөлүктөн турган "Саякбай Каралаев" (1962) аттуу атайын тасмаларды жаратышкан [10].

*6-класс.* Искусство бул турмуштун чындыгын көркөм образдар аркылуу, ал эми музыкалык искусство көркөм образдарды добуш аркылуу ар кандай маанайда, ритмикалык сүрөттөлүштө, тембрда, бийиктиктерде чагылдырып берет. *"Музыкадагы образ", "Музыкалык драатургия"* – деген эки чоң тематиканын алдында 6-класстын 1-чейрегинде композитордук музыканы ачып берүүдө "Айчүрөк" жана "Манас" опералардан үзүндүлөр берилген, демек "Манас" эпосу музыкалык образдар, драматургия аркылуу ачып берилет. Бул кыргыз музыка искусствосунун белгилүү өкүлдөрү С. Кийизбаева, Б. Миңжылкыев, Т. Сейталиев, К. Сартбаева, А. Мурзабаевдардын аткаруучулук өнөрү аркылуу ачып берилген.

Мисалы, алгачкы опера ырчысы С. Кийизбаеванын аткаруусунда «Айчүрөк» операсынан «Айчүрөктүн ариясы» уктурууга үчүн – уктурулган музыка боюнча окуучулар менен аткаруу чеберчилик, үндүн өзгөчөлүгү, музыкалык көркөм каражаттар, ариясынын мазмуну, чыгармада берилген музыкалык образ боюнча окуучулар менен талкуу 3-5 мүнөт жүргүзүлөт. К. Сартбаева «Айчүрөк» операсынан Айчүрөктүн образын 200 дөн ашык жолу сахнага алып чыккан. [8].

Ырчы, педагог, профессор С. Кийизбаева Кыргыз ССРинин жана СССРдин Эл артисти. Үнү сопрано. С. Кийизбаева элдин эсинде улуттук жана дүйнөлүк опералык репертуарлардагы башкы партияларды биринчи жолу аткарган. Атап өтсөк "Алтын кыз" музыкалык драмасында Ажар менен Чынардын, В. Власов, А. Малдыбаев жана В Ференин "Айчүрөк" операсында Айчүрөктүн, "Евгений Онегинде" Татьянанын, Дж. Пуччининин "Чио-Чио-Сан операсында Чио-Чио-Сандын, "Манаста" Каныкейдин жана башка көптөгөн чыгармалардагы ролдорду мыкты ойногон.

## Айчүрөктүн арманы




Ошондой эле «Айчүрөк» операсынан «Семетейдин ариясын» Б. Миңжылкиев аткаруусунда уктуруу. Чыгарма уктургандан кийин окуучулар менен талкуулоо: ырчынын үнү кандай, кандай музыкалык образ жаралды, аткаруу чеберчилик, кандай музыкалык көркөм каражаттар аркылуу берилди окуучулар бири-бирин толуктап айтып беришет.

*Мугалимдин маалыматы*: Б. Миңжылкиев – үнү менен дүйнө элине таанылган талант! 36 жашында СССРдин Эл артисти наамына татыган. Жаш ырчы Италиянын атактуу «Ла Скала» театрында эки жыл стажировкага окуган. Болот Миңжылкыев Ш. Гунонун «Фауст» операсындагы Мефистофелдин, СССРдин Чоң театрында П.И. Чайковскийдин «Евгений Онегин» операсында Е. Онегиндин, Дж. Вердинин «Дон Карлос» операсында Филипптин, Ж. Бизенин «Кармен» операсында Эскамиллонун ролдорун ойногон. Б. Миңжылкиевдин аткаруусунда «Эне жөнүндө баллада», жана «Гори, гори моя звезда» ырларын окуучуларга уктуруп, анын чыгармачылыгын таануутуга болот [9].

«Манас» операсынан Сыргактын ариясы Т. Сейталиевдин аткаруусунда уктуруу, же видео көрсөтүү. Чыгарма уктурулган соң окуучулар менен талкуулоо, чыгарманын мазмундук мааниси, аткаруучунун аткаруучулук чеберчилиги, музыкалык образды ачып бериши, музыкалык көркөм каражаттардын колдонулушу жана башкалар боюнча.

«Айчүрөк» операсынан «Семетейдин ариясы А. Мырзабаевдин аткаруусунда уктуруу. А. Мырзабаевдин үнү баритон. “Айчүрөк” операсында негизги каарман – “Семетейдин” көркөм образын жаратуу ага туш келген.

*6-класс. «Манас» операсы*» – баатырдык-патриоттук опера. Операнын негизи «Көкөтөйдүн ашы» бөлүгүнөн алынган. Негизги идея – элдик эркиндигин, көз карандысыздыгын сактап, басып алуучуларга каршы туруу. Анда кыргыз жерине кол салган кытайдын ханы Коңурбай менен Манастын кармашы баяндалат. Өзү катылган душмандын таш-талканы чыгып, Манас жеңишке ээ болот.

Мына ушул сюжеттин негизинде операда Манастын образы бир нече музыкалык темалар аркылуу мүнөздөлөт. Бир темада Манастын күчү Ала-Тоонун аскасындай бекем, жалтанбас, кайраттуу экенин сыпаттап, салмактуу, терең мүнөздөгү уккулуктуу обон менен берилет.

*Операнын авторлору:* композиторлор А. Малдыбаев, В. Власов, В. Фере, *операнын либреттосун* «Манас» эпосунун сюжети боюнча акындар А. Токомбаев менен К. Маликовдор жазган. Башкы *ролдорду* К. Чодронов, Т. Сейталиев, С. Кийизбаева, Х. Мухтаров ж.б. ойногон. 1946-жылы А. Малдыбаев атындагы Кыргыз малекеттик академиялык опера жана балет театрында коюлган [9].

Музыканы угуп, музыкалык образды ачып бергиле. Чыгармадагы динамикалык белгилерди атагыла:

Манастын лейтмотиви




Музыка мугалими окуучуларды улуттук мурас “Манас” эпосу менен тааныштырып, эстетикалык табитин өстүрүүчү устат, анын негизги милдеттери – «Манас» эпосунун музыкалык өзгөчөлүгүн таанытуу менен катар, элдик аспаптарды – комуз, кыл кыяк, чоор, доуббас, доол, аса таяк ж.б. колдонуу аркылуу сабакты жандандыруу, окуучуларды чыгармачылык изденүүгө багыттоо, демек, «Манас» эпосунун руханий баалуулугун окуучулардын жүрөгүнө жеткирүү.

*Ошондой эле “Манас”* эпосун окутууда предметтер аралык байланыш өзгөчө маанилүү. Мисалы: *адабият жана музыка* – каармандардын образын адабий мазмун жана музыкалык образдар аркылуу ачып берүү; *тарых жана музыка* – эпостогу окуяларды тарыхый мезгил менен байланыштырып, кыргыз элинин басып өткөн жолу менен тааныштуруу; *сүрөт искусствосу жана музыка* – эпостон алынган эпизоддорго иллюстрация жана музыкалык фон түзүү. Мисалы, СССРдин сүрөтчүлөр союзунун мүчөсү, Т. Герцен «Манас» эпосундагы окуялар менен каармандарын иллюстрациялоонун үстүндө эмгектенген. Ал эмгектер кийин С. Орозбаковдун айтуусунда чыккан төрт томдуктун ичине кирген. Окуучуларды көрсөтмөлүү метод аркылуу бул эмгектер менен тааныштырып, кайрадан аларга «Манас» темасына сүрөт тартыруу да алардын ар тараптуу билим алуусуна шарт түзөт [7].

*Жыйынтыктап айтканда,* «Манас» эпосун мектеп программасында, өзгөчө музыка сабагында окутуу – бул улуттук баалуу руханий мурас менен тааныштыруу, тарбиялоонун жана чыгармачылык өнүгүүнүн ажырагыс бөлүгү.

Музыка сабагында «Манас» эпосун ар тараптуу окутуу окуучунун ички дүйнөсүн байытып, элдик маданият менен заманбап билимди айкалыштырууга мүмкүндүк берет. Демек, "Манас" эпосу – бул окучуунун руханий музыкалык мектеби да боло алат, себеби, музыка сабагында «Манас» эпосун окутуу – бул руханий, эстетикалык жана улуттук аң-сезимди калыптандыруунун комплекстүү процесси, музыка аркылуу элдин руханий маданиятын сиңирип атуулдук тарбиянын маңызын камсыздоонун эң таасирдүү жолу.

## СПИСОК ИСПОЛЬЗОВАННОЙ ЛИТЕРАТУРЫ:

1. Айтматов Ч. Мурас – биздин жалпы кенчибиз [Текст] / Ч. Айтматов // Китепте «Кожожаш» Эл адабияты» сериясына жазылган баш сөз. – Бишкек, 1996. – 6-9-бб.
2. Алагушов Б. Кыргыз музыкасынын тарыхынан:Ф.: – Мектеп, 1989.
3. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы [Текст]: окуу куралы / А. Алимбеков. – Бишкек, 1996. – 69 б.
4. Имаралиева Ж.Р. «Манас» эпосундагы улуттук баалуулуктардын тарбиялык мааниси / Имаралиева Ж.Р., Үкүева Б.К. // Alatoo Academic Studies. – Бишкек, 2023, Том 23, Выпуск № 1 С. 42-49
5. Иптаров, С. Улуттук билим баалуулуктары тууралуу [Текст] / С. Иптаров //«Билим берүүнүн руханий-ыймандык дөөлөттөрү: абалы жана келечеги» V илимий симпозиумдун матреиалдары – Бишкек, 2013.–100 б.
6. Касей М. ж. б. Музыка. Башталгыч мектептин 3-кл. үчүн окуу китеби. / М. Касей, К. Шамбетова, А. Шакирова. – Б.: Билим-компьютер, 2015. – 112 б., ил.
7. Муратова А.М. Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун педагогикалык шарттары / [Текст] Авторефреат канд. пед.наук. 13.00.01. / Муратова А.М.– Бишкек, 2019. – 18 с.
8. Муратова А.М., Музыка [Текст] 6-класс. (мугалимдер үчүн методикалык колдонмо) / А.М. Муратова, К. Дж. Артыков. – Билим-компьютер. – Бишкек, 2020. 80 б.
9. Муратова А.М. Музыка. [Текст] 6-класс. (окуу китеби), / А.М. Муратова, К. Дж. Артыков. – Билим-компьютер. – Бишкек, 2020. 120 б., ил.
10. Муратова А.М. Музыка. [Текст] 5-класс. (окуу китеби), / А.М. Муратова, К. Дж. Артыков. – Билим-компьютер. – Бишкек, 2020. 120 б., ил.
11. МУЗЫКА предмети боюнча жалпы билим берүүчү уюмдардын I-VI класстары үчүн окуу программасы. – Бишкек, 2025.–23 б.
12. ПРЕДМЕТТИК СТАНДАРТ «МУЗЫКА» жалпы билим берүү уюмдарынын 1-6класстары үчүн. – Бишкек, 2025.–12 б.
13. Субаналиев, С. Традиционная инструментальная музыка и инструментарий Кыргызов. / С. Субаналиев. – Бишкек:Учкун, 2003. – 336 с.